# «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» отчет №1 ДТ - мамлекеттик статистикалык формасын толтуруу боюнча нускама

Бул нускама Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» (жылдык) отчет №1 ДТ - формасын толтуруу иретин деталдаштырат.

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» отчет №1 ДТ - жылдык формасын уюштуруу-укуктук формасына жана менчик формасына карабастан, ишмердиктин негизги жана негизги эмес түрү дене тарбия жана спорт (балдар-өспүрүмдөр спорттук мектептери, спорттук клубдар, ассоциациялар, федерациялар, бирликтер) жаатында кызматтарды көрсөтүү болуп саналган дене тарбия-спорттук уюмдар, мекемелер, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, жалпы билим берүүчү мектептер, лицейлер, гимназиялар, колледждер, орто кесиптик окуу жайлар, жогорку кесиптик окуу жайлар, кесиптик-техникалык окуу жайлар, дене тарбия жана спорт боюнча иштерди жүргүзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары толтурушат. Дарек бөлүгүндө респонденттин аты-жөнү толук түрүндө толтурулат жана анын кыска аты кашанын ичинде көрсөтүлөт.

**1.2.** №1 ДТ - формасы 25-январдан кеч эмес мөөнөттө өзүнүн жайгашкан жери боюнча мамлекеттик статистиканын аймактык органдарына толтурулуп берилет. Формада спорттук курулмалардын жана дене тарбия-саламаттыкты чыңдоо объекттеринин болушу, спорттук секциялардын иштеринин көрсөткүчтөрү, дене тарбия боюнча сабактарга катышуучулардын саны чагылдырылат. Дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин саны көрсөтүлөт, ошондой эле учурдагы ишмердикке байланышкан финансылык каражаттардын түшүшү жана пайдаланылышы чагылдырылат.

* ***Спорттук курулмалар*** - спорттук мелдештерди, окуу-машыгуу процесстерин, спорттун ар кандай түрлөрү боюнча дене тарбия-саламаттыкты чыңдоо жана спорттук оюн-зоок иштерин өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыздаган тиешелүүлүгүнө жараша жабык же ачык типтеги жабдууланган курулма.

* ***Спорт аянтчасы*** – спорттун бир же бир нече түрлөрү же спорттук оюндар үчүн жабдууланган жалпак спорттук курулма.

## 2. Статистикалык отчеттуулуктун формасын толтуруу тартиби

***I бөлүм. Спорттук курулмалардын жана дене тарбия-саламаттыкты чыңдоо объекттеринин болушу*** (бирдик). ***1-графада*** спорттук курулмалардын болушу (бирдик) көрсөтүлөт. ***2-графада*** бир жолку өткөрүүчү жөндөмдүүлүк көрсөтүлөт. ***3-графада*** эл аралык стандарттарга ылайык келиши көрсөтүлөт. ***4-графада*** ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ылайыкташтырылган спорттук курулмалардын болушу көрсөтүлөт.
***1-сапта*** спорт аянтчалары жана талаалар көрсөтүлөт. ***2ден 9га*** чейинки саптардын суммасы жыйынтыгында ***1-сапты*** түзөт. ***10-саптан 20-сапка*** чейин төмөнкү спорттук курулумалар чагылдырылат: 1500 орунга чейинки трибуналар менен стадиондор ***(10-сап),*** 1500 же андан көп орундуу трибуналары менен стадиондор (***11-сап***), ипподромдор (***12-сап***), сүзүүчү бассейндер (***13-сап***), анын ичинде жабык бассейндер (***14-сап***), спорт залдар ***(15-сап),*** курулган, ылайыкташтырылган жайлар (***16-сап***), атуучу тирлер (***17-сап***), лыжа базалары (***18-сап***), дене тарбия-саламаттыкты чыңдоо комплекстери (***19-сап***) жана башка курулмалар (***20-сап***).

***II бөлүм. Дене тарбия жана спорт жумушчулары*** *(адам).*
***1-сапта*** дене тарбия жана спорт мугалимдери көрсөтүлөт, бул 2-сап+3-сап+4-сап+5-саптардын суммасынан түзүлгөн.
***6-сапта*** бардык машыктыруучулар чагылдырылат. 7-сап+8-сап+9-сап+10-сап+11-сап+12-саптардын суммасы жыйынтыгында 6-сапка барабар болушу керек.
***13-сапта*** нускоочу-методисттер чагылдырылат.

***III бөлүм. Спорттук секциялардын иштеринин негизги көрсөткүчтөрү*** *(адам).*
***1-графада*** бекитилген программалар боюнча секцияларда, топтордо, командаларда алектенген адамдардын бардык саны чагылдырылат. Анын ичинен аялдар ***(2-графа)*** жана ***1-графадан*** 7-16 жаштагы адамдардын суммасы ***1-графаны*** түзөт.
Отчеттук жылы даярдалган спортсмен-разрядниктердин саны разряддар боюнча ***4-графада*** - 1-разряд көрсөтүлөт, ***5-графада*** спорт чеберине талапкерлер (I дан), ***6-графада*** спорт чебери (II дан), ***7-графада*** эл аралык класстагы спорт чебери (III дан) чагылдырылат. ***8-графада*** бардык секцияларда, топтордо сабак жүргүзгөн машыктыруучулардын саны көрсөтүлөт, анын ичинен акы төлөнүүчү сабактар 9-графада чагылдырылат.
***IV бөлүм. Дене тарбия сабактарына катышкандардын саны*** *(адам).*
***1-саптын 1-графасында*** бекитилген программалар боюнча дене тарбия сабактарына катышкандардын жалпы саны көрсөтүлөт, анын ичинен 7-16 жаш курактагылар ***1-саптын 2-графасында*** чагылдырылат. Акы берип окугандардын саны 1-графадан ***1-саптын 3-графасында*** эске алынат.
Жалпы катышуучулардын ичинен аялдардын саны ***2-сапта*** көрсөтүлөт. ***3-сапта*** ден соолугуна байланыштуу атайын медициналык топко киргизилген окуучулардын, студенттердин саны көрсөтүлөт.

***V бөлүм. Дене тарбия-спорттук иш менен байланышкан финансылык каражаттардын түшүүсү жана аларды пайдалануу*** *(миң сом).*

***1-сапта*** отчеттук жылдын башына карата калган акча ***2-сапты*** жана ушул жылдагы түшүүлөр - бардыгы ***3-сапты*** кошуу жолу менен эсептелген финансылык каражаттардын болуусу - бардыгы көрсөтүлөт. Мамлекеттик бюджеттен түшкөн каражаттар ***4-сапта,*** жергиликтүү бюджеттен - ***5-сапта***, калкка көрсөтүлгөн кызматтарды ишке ашыруудан - ***6-сапта***, башка акы төлөнүүчү кызматтар - ***7-сапта***, төгүмдөр жана кайыр садагалардан - ***8-сапта***, ижара - ***9-сапта*** , башка кирешелерден түшкөн каражаттар - ***10-сапта*** чагылдырылат.

*** Мамлекеттик бюджет** - өлкөнүн маанилүү финансылык документи. Ал бардык ведомстволордун, мамлекеттик кызматтардын, өкмөттүк программалардын жана башкалардын финанасылык сметаларынын жыйындысы болуп саналат. Анда мамлекеттик казынанын эсебинен канааттандырууга тийиштүү муктаждыктар аныкталат, муну менен катар мамлекеттик казынага күтүлгөн түшүүлөрдүн булактары жана өлчөмдөрү көрсөтүлөт.

**** Жергиликтүү бюджет*** - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттерин жана функцияларын финансылык жактан камсыздоо үчүн арналган акча каражаттарын түзүүнүн жана сарптоонун түрү.

* **Материалдык чыгымдар** өндүрүштүн чыгымдарынын, чийки затка, негизги жана көмөкчү материалдарга, отунга, энергияга кеткен чыгымдарга кирген продукцияларды, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө кеткен чыгымдардын жана материалдык чыгымдарга тең келген башка чыгымдардын бир бөлүгү. Материалдык чыгымдар (чыгымдар) продукциялардын өздүк наркынын бөлүгүн түзөт.

Сарпталган финансылык каражаттар 11-сапта, анын ичинен материалдык чыгымдар 12-сапта, таанылат, материалдык эмес кызмат көрсөтүүлөр төлөмдөрү - 13-сапта, командировкалык чыгымдар - 14-сапта, эмгек акы - 15-сапта, социалдык камсыздоого чегерүүлөр - 16-сапта, капиталдык салымга, капиталдык оңдоого, жабдууларды жана шаймандарды сатып алууга кеткен чыгымдар - 17-сапта, башка чыгымдар 18-сапта чагылдырылат.

Отчеттук жылдын аягына карата финансылык каражаттардын калганы **19-сапта** көрсөтүлөт. **19-саптагы** маалыматтар 1-сап жана 11-саптын айырмасына барабар болушу керек.

**Социалдык статистика бөлүмү**
**тел. 32-46-52, 66-40-42**

# Инструкция по заполнению государственной статистической формы №1-ФК Отчет «О физической культуре и спорте»

Настоящая инструкция разработана в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственной статистике» и детализирует порядок заполнения формы №1-ФК Отчет «О физической культуре и спорте» (годовая).

## 1. Общие положения

**1.1.** Годовую Форму №1-ФК Отчет «О физической культуре и спорте» заполняют физкультурно-спортивные организации, учреждения, коммерческие и некоммерческие организации независимо от их организационно-правовых форм и форм собственности, основным и неосновным видом деятельности которых является оказание услуг в области физической культуры и спорта (детско-юношеские спортивные школы, спортивные клубы, ассоциации, федерации, союзы), общеобразовательные школы, лицеи, гимназии, колледжи, СПУЗы, ВПУЗы, профессионально-технические училища, органы местного самоуправления, проводящие работу по физической культуре и спорту. В адресной части формы указывается полное наименование респондента, а в скобках его краткое наименование.

**1.2.** Форма №1- ФК составляется в срок не позднее 25 января территориальному органу государственной статистики по месту своего нахождения. В форме отражается наличие спортивных сооружений и физкультурно-оздоровительных объектов, показатели работы спортивных секций, численность посещающих занятия по физической культуре. Показывается численность работников физической культуры и спорта, а также отражается поступление и использование финансовых средств, связанные с текущей деятельностью.

* ***Спортивное сооружение*** - соответственно оборудованное сооружение крытого или открытого типа, обеспечивающее возможность проведения спортивных соревнований, учебно-тренировочного процесса, физкультурно-оздоровительных и спортивно развлекательных работ по различным видам спорта.

* ***Спортивная площадка*** - плоскостное спортивное сооружение, оборудованное для одного или нескольких видов спорта или для спортивных игр.

## 2. Порядок заполнения формы статистической отчетности

***Раздел I. Наличие спортивных сооружений и физкультурно-оздоровительных объектов*** *(единиц).*

***В графе 1*** указывается наличие спортивных сооружений (единиц). ***В графе 2*** показывается единовременная пропускная способность. ***В графе 3*** показывается соответствие международным стандартам. ***В графе 4*** показывается наличие спортивных сооружений приспособленные для занятий людей с физическими ограничениями.

***По строке 1*** показываются спортивные площадки и поля. Сумма ***строк со 2 по 9*** составляют в итоге ***строку 1***. Со ***стр. 10 по стр. 20*** отражаются следующие спортивные сооружения: стадионы с трибунами до 1500 мест (***строка 10***), стадионы с трибунами 1500 мест и более (***строка 11***), ипподромы (***строка 12***), плавательные бассейны (***строка 13***), в том числе крытые бассейны (***строка 14***), спортивные залы (***строка 15***), встроенные, приспособленные помещения (***строка 16***), стрелковые тиры (***строка 17***), лыжные базы (***строка 18***), физкультурно-оздоровительные комплексы (***строка 19***) и другие сооружения (***строка 20***).

***Раздел II. Работники физической культуры и спорта*** *(человек).*

***В строке 1*** указываются учителя преподаватели физической культуры и спорта, которая складывается из суммы стр. 2+стр.3+стр.4+стр.5.

***По строке 6*** отражаются тренеры-преподаватели всего. Сумма стр.7+стр.8+стр.9+стр.10+стр.11+стр.12 в итоге должна равняться строке 6.

***По строке 13*** указываются инструкторы-методисты.

***Раздел III. Основные показатели работы спортивных секций*** *(человек).*

***В графе 1*** отражается вся численность занимающихся в секциях, группах, командах по утвержденным программам. Из них женщины (***графа 2***) и число занимающихся из гр.1 в возрасте 7-16 лет в сумме составляют ***графу 1***.

Число подготовленных спортсменов-разрядников в отчетном году указывается по разрядам ***в графе 4*** - 1-разряда, ***в графе 5*** отражаются кандидаты в мастера спорта (1 дан), мастера спорта (II дан) в ***графе 6***, мастера спорта международного класса (III дан) в ***графе 7***. ***По графе 8*** указывается число тренеров-преподавателей, ведущих занятия в секциях, группах всего, из них платные отражаются в ***графе 9***.

***Раздел IV. Численность посещающих занятия физической культуры (человек).***

***В графе 1 строки 1*** указывается общая численность посещающих учебные занятия по физической культуре по утвержденным программам, из них в возрасте 7-16 лет отражаются ***в графе 2 строки 1***. Численность посещающих на платной основе из графы 1 учитываются ***по графе 3 строки 1.***

Численность женщин из общего числа посетителей учебные занятия указываются ***по строке 2. По строке 3*** указывается число учащихся, студентов, отнесенных по состоянию здоровья к спец. мед. группе.

***Раздел V. Поступление и использование финансовых средств, связанные с физкультурно-спортивной деятельностью*** *(тыс. сомов).*

***В строке 1*** показывается наличие финансовых средств - всего, которая рассчитывается путем прибавления ***строки 2*** остаток на начало отчетного года и строки 3 поступление текущего года - всего. Поступления из государственного бюджета указываются ***в строке 4***, из местного бюджета - ***в строке 5,*** от реализации услуг населению - ***в строке 6***, от других платных услуг ***- в строке 7,*** от взносов и пожертвований ***- в строке 8***, аренда отражается ***по строке 9***, прочие доходы ***по строке 10.***

*** Государственный бюджет** —* важнейший финансовый документ страны. Он представляет собой совокупность финансовых смет всех ведомств, государственных служб, правительственных программ и т. д. В нём определяются потребности, подлежащие удовлетворению за счёт государственной казны, равно как указываются источники и размеры ожидаемых поступлений в государственную казну.

**** Местный бюджет —*** форма образования и расходования денежных средств, предназначенных для финансового обеспечения задач и функций местного самоуправления.

**** Материальные затраты*** часть издержек производства, затрат на производство продукции, товаров, услуг, в которую включаются затраты на сырье, основные и вспомогательные материалы, топливо, энергию и другие затраты, приравниваемые к материальным. Материальные затраты (расходы) образуют часть себестоимости продукции.

Израсходованные финансовые средства учитываются ***по строке 11***, из них материальные затраты отражаются ***в строке 12***, оплата нематериальных услуг - ***в строке 13,*** командировочные расходы - ***в строке 14***, заработная плата - ***в строке 15***, отчисления на социальное страхование - ***в строке 16***, затраты на кап. вложения, кап. ремонт, приобретение оборудования и инвентаря ***- в строке 17***, прочие расходы отражаются по ***строке 18.***

Остаток финансовых средств на конец отчетного года указывается ***в строке 19.*** Данные ***по строке 19*** должны равняться разнице ***строки 1 и строки 11.***

**Отдел социальной статистики**
**тел. 32-46-52; 66-40-42**